## Мамлекеттик казына облигациялар рыногу

*(2014-жылдын март айы)*

Март айында Финансы министрлигинин казына облигацияларын жайгаштыруу боюнча бир аукцион жана биринчилик рынокто бир кошумча жайгаштыруу ишке ашырылган. Рыноктун катышуучулары тарабынан 665,0 млн. сом суммасына баалуу кагаздар сатылып алынган, бул өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырмалуу 3,1 эсеге жогору. Сатуунун мындай өсүшү коммерциялык банктар тарабынан жигердүүлүктүн өсүшүнөн улам келип чыккан (бир коммерциялык банк кыйла жигердүүлүктү көрсөткөн). Канааттандырылган суроо-талаптын деңгээли 5,8 пайыздык пунктка өсүп, 31,1 пайызды түзгөн. Мында, баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү өткөн айдагы көрсөткүчкө салыштырмалуу 0,3 пайыздык пунктка өсүп, 12,9 пайызды түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде аталган баалуу кагаздарга суроо-талап 853,1 млн. сомго чейин жогорулагандыгы байкалган (+82,7 пайыз).

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы.**




Март айында жүгүртүүдөгү МКОнун көлөмү 5,9 млрд. сомго чейин өскөн (+9,1 пайыз). Мында, коммерциялык банктардын үлүшүнүн 4,2 пайыздык пунктка (52,0 пайызга чейин) төмөндөшү байкалган, институционалдык инвесторлордун салыштырма салмагы 4,2 пайыздык пунктка жогорулап, 48,0 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн. Резидент – юридикалык жактардын салыштырма салмагы өткөн ай ичиндеги деңгээлде - 0,1 пайыз чегинде сакталган. Улуттук банк, резидент эмес-юридикалык жактар жана жеке адамдар мындай баалуу кагаздарды сатып алууну ишке ашырган эмес.

Айдын жыйынтыгы боюнча МКОнун биринчилик рыногунун концентрациялануу индекси 0,32 түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүп турат жана рынокто бирдей үлүшкө ээ үч инвестордун катышуусуна ылайык келет.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рынокто МКО менен операциялар ишке ашырылган эмес.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент юридик. жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| Март'2013 | 5 075 200,0 | 2 770 123,2 | 54,6% | 2 301 874,6 | 45,4% | 3 160,2 | 0,1% |
| Апрель | 5 089 700,0 | 2 784 623,2 | 54,7% | 2 301 874,6 | 45,2% | 3 160,2 | 0,1% |
| Май | 5 107 700,0 | 2 707 009,2 | 53,0% | 2 397 488,6 | 46,9% | 3 160,2 | 0,1% |
| Июнь | 5 612 700,0 | 2 796 903,1 | 49,8% | 2 812 594,7 | 50,1% | 3 160,2 | 0,1% |
| Июль | 5 728 700,0 | 2 796 903,1 | 48,8% | 2 928 594,7 | 51,1% | 3 160,2 | 0,1% |
| Август | 5 598 700,0 | 2 838 031,9 | 50,7% | 2 757 465,9 | 49,3% | 3 160,2 | 0,1% |
| Сентябрь | 5 720 480,0 | 3 012 511,9 | 52,7% | 2 704 765,9 | 47,3% | 3 160,2 | 0,1% |
| Октябрь | 5 437 480,0 | 2 627 076,6 | 48,3% | 2 717 403,4 | 50,0% | 3 000,0 | 0,1% |
| Ноябрь | 5 318 580,0 | 2 635 176,6 | 49,5% | 2 588 703,4 | 48,7% | 4 700,0 | 0,1% |
| Декабрь | 5 740 680,0 | 3 431 385,9 | 59,8% | 2 214 594,1 | 38,6% | 4 700,0 | 0,1% |
| Январь'2014 | 5 785 280,0 | 3 374 033,5 | 58,3% | 2 315 546,5 | 40,0% | 5 700,0 | 0,1% |
| Февраль | 5 425 380,0 | 3 047 712,1 | 56,2% | 2 371 967,9 | 43,7% | 5 700,0 | 0,1% |
| Март | 5 916 280,0 | 3 073 612,1 | 52,0% | 2 836 967,9 | 48,0% | 5 700,0 | 0,1% |